БИШКЕК ШААРЫ
ЛЕНИН РАЙОНУ
№82 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИ

# МЕКТЕПТИН ӨНҮГҮҮ ПЛАНЫ

Сканировано с CamScanner

БЕКИТЕМИН
Директор
"27" ___ 2017-г
Буйрук № 1

МАКУЛДАНГАНДЫ
Чубаева Э.К.
Протокол № 1

# Бишкек шаарынын Ленин районундагы №82 жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2017-2022-окуу жылдарына карата

# өнүгүү программасы

Сканировано с CamScanner

Бишкек шаарынын Ленин районундагы

№82 жалпы билим берүүчү орто мектеби

# МЕКТЕПТИН ПЕДАГОГИКА-ПСИХОЛОГИЯЛЫК ПРОБЛЕМАСЫ:

## ИНСАНДЫККА БАГЫТТОО МЕНЕН ОКУТУУ- ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИН ГУМАНДАШТЫРУУ, БИЛИМ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ

Сканировано с CamScanner

## №82 жалпы билим берүүчү орто мектебинин миссиясы:

Дүйнөгө болгон көз карашы кеңири, Мекенчил, физикалык жактан өнүккөн, информациялык технологиялар жана рынок шартында жашоого жөндөмдүү, коммуникативдик маданиятка ээ, негизиги мектепти бүтүп, билим алуунун жогорку деңгээлине жетүүгө даяр, кесип тандоого жөндөмдүү бүтүрүүчүлөрдү даярдоого бардык шарттарды түзүү жана ишке ашыруу

Сканировано с CamScanner

# Мазмуну

Өнүгүү программасынын паспорту

Программанын аннотациясы

Мектеп жөнүндө жалпы маалымат

Мектептин өнүгүү абалына анализ

2011- 2016-жылдагы өнүгүү программасынын
ишке ашуусуна анализ

Мектептин модели- 2022

Мектептин мугалиминин модели -2022

Мектептин бүтүрүүчүсүнүн модели -2022

Мектептин билим берүү системасын өнүктүрүүнүн
максаттары жана милдеттери

Мектептин кадр саясаты

Өнүгүү программасын ишке ашыруунун этаптары

Өнүгүү программасын ишке ашыруунун багыттары

Программаны ишке ашырууну башкаруу

Программаны ишке ашырууда күтүлүүчү жыйынтыктар

Сканировано с CamScanner

# Өнүгүү программасынын паспорту

| | |
|---|---|
| **Программанын толук аталышы** | Бишкек шаарынын Ленин районундагы №82 жалпы билим берүүчү орто мектебинин<br>2017-2022-окуу жылдарына карата<br>өнүгүү программасы |
| **Иштеп чыгуунун негиздери** | Мектептин Уставы<br>Бишкек шаардык Мэриясы Билим берүү Башкармалыгы,Буйрук №341.,02.09.2003.<br>Кыргыз Республикасынын Мыйзамы<br>“Билим берүү жөнүндө” 30.04.2003-ж. №92<br>“Мугалимдин статусу жөнүндө” 18.07.2005г №105, 30.07.2005 №117, 28.12.2006 №210, 25.07.2009 №189 |
| **Өнүгүү программасынын этаптары** | **2017-2022 -жылдар** |

Сканировано с CamScanner

## Программаны ишке ашырууну башкаруу

- Ар бир негизги багытка аны ишке ашырууга жоопту адам бекитүү керек.

-Ал жоопту адам ишке ашыруунун перспективдүү план жана окуу жылына жылдык план түзүп чыгуусу керек.

-Окуу жылынын аягында педагогикалык кеңеште анын отчету угулуп. талданып кийинки окуу жылына жаңы пландар бекитилет.

-Программанын жалпы ишке ашуусун мектептин кеңеши карайт

-Стратегиялык багыттарды ишке ашыруу боюнча иш-чаралар мектептин жылдык планынын негизин түзөт

-Программанын ишке ашуусу боюнча маалымат педагогикалык кеңеште угулат

-Программанын ишке ашуусуна жана анын кээ бир ондоо түздөөлөр педагогикалык кеңеште каралат жана чечилет.

Сканировано с CamScanner

**Программанын нормативдик- укуктук жактан камсыз болушу:**

-Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", "Мугалимдин статусу" мыйзамдары

-Мектептин Уставы

-Балдардын укугу жонүндо Конвенция

**Программанын максаты:**

Мектептин билим берүү системасынын бардык компоненттерин мамлекеттик стандарттын талаптарына жана социумдун зарылдыгына шайкеш келтирүү

Сканировано с CamScanner

**Программанын негизги милдеттери жана иш-чаралары:**

-Мектептин башкаруу системасын өнүгүүнүн тенденцияларына ылайык жаңылоо;

- Заманбап билим берүү мамилелеринин зарыл шарты катарында педагогикалык кызматкерлердин кесиптик жана личностук өсүш системасын оптималдаштыруу;

- Личностун социалдык чөйрөдө өзүн алып жүрүү көндүмдөрүнө ээ болуусуна, кесипке багыт алууга жана адеп-ахлак жактан калыптанышына оптималдуу шарт түзүү багытында билим берүү процессинин уюштурулушун, мазмунун жана технологиясын жаңылоо ;

-мектептин билим берүү процессинин мазмунун жана инфраструктурасын жаңылоо максатында сырттан өнөктөштөрдү тартуу үчүн мектеп билим берүү мейкиндигиндеги маалыматтын ачык-айкын болушун камсыз кылуу.

Сканировано с CamScanner

# Программанын аннотациясы

Өнүгүү программасы мектептин 2017-жылдан 2022-жылга чейинки мамлекеттин заманбап билим берүү саясатына ылайык өнүгүүсүнүн негизги багыттарын аныктай турган стратегиялык документ болуп саналат.

Программа жумушчу топ тарабынан иштелип чыкты.

**Программанын негизги идеясы – өнүгүү.**

Программа мектептин өзүнүн баалуулук-мазмундук өзөгүн сактоо менен заманбап социомаданий кырдаалдардын талаптарын эске алып, мектептин мазмундук жана максаттык бөлүктөрүнө өзгөртүү киргизүү зарылдыгынан келип чыгат.

Өнүгүү программасында билим берүүдө төмөндөгүлөргө көңүл бурат:

- Билим берүүнүн гумандуулук принцибин сактоо
- Билим берүүчү уюмдарын интеграциялоого шарт түзүү
- Окуучулардын личностук өсүшүнө көмөк боло турган шарттарды түзүү

Мектептин өнүгүү программасы, өнүгүү алдын ала айта албай турган мүнөздө болгондуктан, бул процесс убакыттын кайсы бир мезгилинде таасир эте турган ички жана тышкы факторлордун көп түрдүүлүгү менен шартталгандыгынан келип чыкты.

Сканировано с CamScanner

Ал факторлор келип чыгуусу, багыты жана иш-аракеттердин мезгилдүүлүгү, даражасы жана мүнөзү боюнча айырмаланышат. Мектептин алдыга койгон милдеттери жана максаттары ал факторлордун таасиринен улам толук ишке ашат (тез арада, жай же ишке ашпай калат), чечилет (чечилбейт) же жарым –жартылай ишке ашат.

Өнүгүү программасын ишке ашырууда мектепте жаңы, позитивдүү элементтер пайда болушу мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда, программа мектептин баалуулук-максаттык бөлүктөрүндө өнүгүүнү ишке ашырууну алдыга коет жана билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн негизги багыттарын аныктайт, алар келечекте конкреттештирилет, демилгечи долбоорлордо жана мектептин жылдык пландарында чагылдырылат.

Сканировано с CamScanner

## Мектептин өнүгүүсүнүн максаттары жана милдеттери:

Мектептин билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык максаты болуп мектептин заманбап талаптарга жооп берген сапаттуу жана жеткиликтүү билим берүүнү камсыз кылган бирдиктүү билим берүү чөйрөсүнүн болушу эсептелет.

Аталган максатка жетүү үчүн төмөндөгү милдеттерди чечүү керек:

-Мектептин өз ишинин механизмин түзүү;

-Окуу процессинин психологиялык жактан коштоо системасын оптималдаштыруу, окуучулардын физикалык жактан өсүүсүнө сергек жашоого негизделген шарттарды түзүү;

-Билим берүү процессинин дидактикалык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу системасын оптималдаштыруу

-Негизги жана кошумча билим берүү системасынын ортосунда бекем интеграциялык байланышты жандандырууга шарт түзүү, жаңы билим берүү жана окуу пограммаларын интеграциянын негизинде иштеп чыгууга умтулуу

Сканировано с CamScanner

## SWOT –МЕКТЕПТИН ӨНҮГҮҮ ПОТЕНЦИАЛЫНА АНАЛИЗ

Мектептин окуу-тарбия иштерин жандандырууда жана аткарган иштерине карата көзөмөл жүргүзүүнүн жыйынтыгына талдоо, сунуштар

**Ички чөйрө**

| **Күчтүү жактары** | **Алсыз жактары** |
|---|---|
| -демилгечи педагогикалык жамаат бар;<br>-Билим берүү процессиндеги актуалдуу суроолор боюнча иштей турган тажрыйбалуу, позитивдүү, чыгармачыл мугалимдердин тобу бар.<br>- | -билим берүү процессиндеги жаңы, сапаттуу деңгээлге жетүүгө мотивациянын анча жогору эместиги;<br>-мектептин билим берүү сапатын ички баалоо системасынын эффективдүүлүгүнүн жетишсиздиги;<br>-билим берүү процессиндеги жаңы сапаттуу деңгээлди камсыз кылуу үчүн материалдык-техникалык базанын чектелгендиги<br>-мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү үстүндө иштөөнүн төмөнкү абалда болуп жатышы |

**Тышкы чөйрө**

| **мүмкүнчүлүктөр** | **коркунучтар** |
|---|---|
| -билим берүүчү окуу жай катары имиджинин өсүшү<br>-мугалимдердин жогорку деңгээлде чыгармачылык менен иштөөсү<br>-Өз билимин өркүндөтүү үстүндө иштөөсү<br>-Окуу-методикалык колдонмолорду жазуу жана алдынкы тажрыйбаларды | -Күтүүсүздөн административдик жана педагогикалык курамдын өзгөрүүсү<br>-мектепте кошумча окутуу системасынын финансылык жактан каржылоонун жетишсиздиги |

Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| жайылтууга;<br>-КРнын мугалимдин статусу (18.07.2005.№105, 30.07.2005 №117, 28.12.2006 №210, 25.06 2009 №189) билим берүү жөнүндөгү мыйзамдарына, Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык иш алып баруусу. | |

Сканировано с CamScanner

# Мектептин модели -2022

Аталган программа ишке ашса, мектептин билим берүү системасы төмөндөгүдөй мүнөздөмөгө ээ болот деп божомолдойт:

-Мектеп окуучуларга Кыргыз  Республикасынын билим берүү стандарттарынын талаптарына  жооп берген сапаттуу билим берет.

-Мектептин бүтүрүүчүлөрү кесиптик жогорку жана орто окуу жайларында  атаандаштык жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болот;

-Мектепте заман талабына ылайык маданий-адеп-ахлакка багытталган тарбия берүүчү система иш алып барат;

-Мектептин ишмердүүлүгү окуучулардын ден соолугуна зыян келтирбейт, алар мектепте өздөрүн коопсуздукта сезет жана тышкы чөйрөнүн ар кандай терс көрүнүштөрүнөн корголгон;

-Мектепте өз ишин мыкты билген чыгармачыл педагогикалык жамаат  иштейт:

-Мектептин мугалимдери өз практикасында окутуунун заманбап технологияларын колдонот;

-Мектепте өз милдеттерин ийгиликтүү алып баруу гана эмес анын андан ары өнүп –өсүүсүн камсыз кылган эффективдүү башкаруу системасы  иштейт;

-Мектеп заманбап материалдык-техникалык базага жана предметтик мейкиндик чөйрөлөрүнө ээ болот, өз пландарынын ишке ашуусуна зарыл болгон ресурстардын мүмкүн болгон өлчөмүнө ээ болот;

-Мектеп маданий, спорттук жана илимий өнөктөштөр менен ар тараптуу жана кеңири байланышта болот;

-Мектеп керектөөчүлөр тарабынан зарыл болот  жана алар анын кызматына канааттанат, ошондуктан мектеп билим берүү рыногунда алдынкы катарга чыгуу мүмкүнчүлүгүн  камсыз кылат.

Сканировано с CamScanner

# Мектептин мугалиминин модели -2022

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, мектептин компетенттүү педагогунун төмөндөгүдөй моделин элестетсек болот:

1.Пикир алышууда ишке аша турган коммуникация теориясына жана аны уюштура билүүнүн татаал тажрыйбасына ээ болгон жалпы, коммуникативдик маданияты жогорку денгээлде болот;

2.Өзүнүн предметинин теориялык жана практикалык жактан жетишкендиктерин өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүн арттырат; предметтик билимин актуалдуулук, жеткиликтүүлүк, илимийлүүлүк көз карашында анализ жана синтез кылат;

3. Өзүн- өзү сын көз караштa баалоо, өзүнүн жеке педагогикалык ишмердүүлүгүн башка (ата мекендик, чет өлкөлүк, тарыхый, алдын алуучулук) тажрыйбалар менен интеграциялоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болот;

4. уникалдуу педагогикалык идеяларды генерация кылуу жана инновациялык педагогикалык жыйынтыктарды алуу мүмкүнчүлүктөрүн берүүчү жеке креативдүү өзгөрүүгө жана калыптандырууга умтулат;

5.Кесиптик атаандаштык түшүнүгүн педагогдун личностук өсүү-сүнүн алдыга жылдыруучу идеяларынын бири катары кабыл алат

6.Педагогикалык менеджмент маданиятынын толук маанисинде болушу, башкача айтканда, атаандаштык шарттарда профессионалдык жетишкендиктерди аныктай турган баалуулуктарды тандоо кырдаалдарында өзүн-өзү аныктоого умтулат жана педагогикалык процесстин акыркы жалпы жыйынтыгында жоопкерчиликти алат;

7.Педагогикалык ишмердүүлүк методун педагогдун эң жогорку профессионалдык баалуулуктарынын бири катары сезе билет.

Сканировано с CamScanner

# Мектептин бүтүрүүчүсүнүн модели -2022

Мектептин бүтүрүүчүсүнүн калыптанган жеке сапаттары жана анын социалдык чөйрөдөгү компетенттүүлүгү мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп калат.

**Мектептин бүтүрүүчүсүнүн керектөөсүнүн модели**–азыркы дүйнөдө өзүн көрсөтө алууга болгон позитивдүү умтулуусу.

**Мектептин бүтүрүүчүсүнүн компетенттүүлүгүнүн модели-** мектептеги негизги предметтер боюнча жогорку деңгээлде алган бекем билими.

**Мектептин бүтүрүүчүсүнүн компетенттүүлүгүнүн модели-**бул өз алдынча окуп билим алуу, иштөө, акча табуу жана коомдо адептүү жашоо жөндөмдүүлүгү.

Мектептин негизги баалуулуктарын жана максаттарын, ошондой эле анын социалдык-педагогикалык миссиясынын мазмунун эске алуу менен мектептин бүтүрүүчүсүнүн моделин төмөндөгүдөй элестетүүгө болот:

-Дүйнөгө болгон көз карашы кеңири

-Мекенчил

-физикалык жактан өнүккөн

-информациялык технологиялар жана рынок шартында жашоого жөндөмдүү

-Коммуникативдик маданиятка ээ

-Негизиги мектепти бүтүп, билим алуунун жогорку деңгээлине жетүүгө даяр

-кесип тандоого жөндөмдүү


Сканировано с CamScanner

## Өнүгүү программасын ишке ашыруунун этаптары

| Аталышы жана мөөнөтү | Негизги мазмуну |
|---|---|
| Анализ- даярдоо этабы (2016-2017-ж) | -Мектептин ишмердүүлүгүнө анализ<br>-Мектептин өнүгүү программасын иштеп чыгууда педагогикалык кеңеште, ата-энелер коомдук бирикмесинде талкуулоо<br>-Материалдык-техникалык, илимий жактан камсыз болушун ишке ашыруу<br>-Зарыл болгон локалдык актыларды иштеп чыгуу<br>-Проекттерди иштеп чыгуу |
| Ишке ашыруу этабы (2017-2022-жж) өнүгүү программасыннын негизги ишмердүүлүгүн камтыйт | -өнүгүү программасынын негизги багыттары боюнча иш-чараларды ишке ашыруу<br>-жалпы билим берүүчү компоненттердин үстүнөн иш алып баруу ишмердүүлүгүн ишке ашыруу<br>-методикалык жана социалдык-психологиялык-педагогикалык кызматтардын системасын жаңылоо |
| Жалпылоо-анализдөө этабы (2022-ж. июль) | -Мектептин өнүгүү программасынын жыйынтыгынын анализи<br>-Жаңы милдеттерди жана аны ишке ашыруунун ыкмаларын иштеп чыгуу<br>-Мектепти иш алып барuунун жаңы деңгээлине алып чыгуу |

Сканировано с CamScanner

# Өнүгүү программасын ишке ашыруунун этаптары




Сканировано с CamScanner

# 1-этап

## Анализ – долборлоо

(2017-окуу жылы сентябрь-январь)

- Мектептин 2011-2016-окуу жылдарына түзүлгөн өнүгүү программасынын ишке ашуусунун жыйынтык анализи

- Мектептин билим берүү системасын жаңылоонун негизги багыттарын аныктоо максатында Кыргыз Республикасынын“Билим берүү жөнүндө” (30.04.2003. №92) “Мугалимдин статусу жөнүндө” 18.07.2005. №105, 30.07.2007 №117), 28.12.2006 №210, 25.06.2009. № 189) мыйзамдарын, мамлекеттик билим берүү стандарттарын үйрөнүү жана анализдөө

- Өнүгүү программасын ишке ашырууда жыйынтыктарды аныктоо системасын тактоо жана иштеп чыгуу

Сканировано с CamScanner

# 2-этап

## Ишке ашыруу
## ( 2017-2022-окуу жылдары)

-Өнүгүү программасын ишке ашыруунун мони-

торингинин системасын иштеп чыгуу

-Билим берүүчү жана тарбия берүүчү долбоорлорду ишке ашыруу

-Өнүгүү прграммасын ишке ашыруунун илимий-усулдук жана нормативдик-укуктук жактан колдоочу

-Өнүгүү программасынын мониторинг системасын ишке ашыруу жана жыйынтыктардын анализи

Сканировано с CamScanner

# 3-этап

## Анализ-жалпылоо
## (Январь-июль 2022-жыл)

-Өнүгүү программасынын негизги иш-чараларынын ишке ашуусунун жыйынтык диагностикасы

-Өнүгүү программасынын мониторингинин жыйынтыгынын жалпы анализи

-Программанын ишке ашуусундагы алгылыктуу тажрыйбаларды жалпылоо жана жайылтуу

-Мектептин андан аркы өнүгүү стратегиясынын максатттарын жана милдеттерин аныктоо

Сканировано с CamScanner

# Күтүлүүчү жыйынтыктар

**Башкаруу системасында:**

- Мектепте жаңы  заманбап башкаруу системасы иштейт;

-Мектептин  нормативдик-укуктук,  илимий-усулдук базасы КР билим берүү стандарттарына жана психолого- педагогикалык  илиминин жана практика- сынын заманбап өнүгүү багыттарына жооп берет;

-Мониторинг  системасы  - мектептин өнүгүүсүн башкаруунун  ажырагыс  негизи  болот;

-Мектептин билим берүү  кызматына жана өнөктөштүк мамилелерине ылайык  тартылган каражаттардын өсүшү байкалат.

Сканировано с CamScanner

**Инфраструктураны жаңылоодо:**

-мектепте билим берүү процессин уюштуруу жана инфраструктурасы мүмкүн болгон жогорку деңгээлде Кыргыз Республикасынын билим берүү боюнча талаптарына ылайык келет.

-окуу кабинеттеринин 70% билим берүүнүн талаптарына ылайык мүмкүн болгон жогорку деңгээлде жабдылат.

- мектептин локалдык тутумуна жана интернет-ресурстарына 75% окуу кабинеттери туташтырылат.

**Педагогикалык жамааттын кесиптик чеберчилигин өркүндөтүүдө:**

-Педагогикалык коллективдин кесиптик компетенциясы жогорулайт;

-100% педагогдор жана мектеп жетекчилери билим берүүнүн заманбап мазмуну жана инновациялык технологиялар боюнча квалификациясын жана кесиптик даярдыгын жогорулатуудан өтүшөт;

-50% кем эмес педагогдор инновациялык технологиялар боюнча иштешет;

-25% кем эмес педагогдор кесиптик иш- чараларда (семинарларда, илимий практикалык конференцияларда, кесиптик, усулдук, педагогика-психологиялык

Сканировано с CamScanner

басылмаларда) өздөрүнүн тажрыйбаларын көрсөтүү тажрыйбаларына ээ болот.

**Билим берүү процессин уюштурууда:**

-Билим сапаты жогорулайт

-5-8% кем эмес окуучулар өзүнүн личносттук жөндөмдүүлүктөрүнө жана кызыкчылыктарына ылайык, дистанттык форманы, билим берүү тутумдарынын ресурстарын пайдалануу менен, индивидуалдуу окуу пландары жана программалары боюнча окушат;

-окуучулардын 10% информациялык, коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен билим алышат;

-70% кем эмес окуучулар мектеп ичиндеги кошумча билим берүү системасы боюнча окушат;

-Негизги жана жогорку класстын 100% окуучулары изилдөөчүлүк жана долбоор менен иштөө ишмердүүлүгүнө тартылат;

-мектепте таланттуу балдарга колдоо көрсөтүү программасы иштейт (интеллектуалдуу, чыгармачыл, дене жагынан өнүктүрүүнүн ар түрдүү багыттары боюнча);

-окуучулардын физикалык жана психикалык ден соолугу жакшырат.

Сканировано с CamScanner

**Өнөктөштүк мамилелерди кеңейтүүдө:**

-Райондук жана шаардык билим берүү мейкиндигинде мектептин рейтинги жогорулайт;

-50% кем эмес ата-энелер мектеп менен активдүү өз ара аркеттенүүнүн ар түрдүү формаларына тартылат ( учурдагы пробемаларды чечүүгө катышуу, жалпы мектептик иш-чараларга катышуу ж.б);

-3-5% кем эмес социумдун өнөктөштөрү жалпы мектептеги мектептик жана кошумча программалардын ишке ашыруунун катышуучулары болушат.

**Программаны иштеп чыккандар:**

Мектеп администрациясы, тажрыйбалуу педагогдордун чыгармачыл тобу усулдук кеңеш менен бирдикте иштеп чыкты.

Сканировано с CamScanner

**Программанын ишке ашуусун башкаруунун ирети:**

Программага оңдоп-түздөө (коррективкалоо ) киргизүү мектептин педагогикалык кеңешинде жүргүзүлөт. Программанын ишке ашуусун директор башкарат.

**Каржылоо булактары:**

Бюджеттик жана бюджеттен сырткары, демөөрчүлүк салымдар.

Сканировано с CamScanner

## Өнүгүү программасын ишке ашыруунун багыттары

**1-БАГЫТ**

«Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты боюнча иш алып баруу »

**2-БАГЫТ**

«Окуучулардын ден соолугу»

**3-БАГЫТ**

«Билим берүү процессиндеги заманбап педагогикалык технологиялар»

**4-БАГЫТ**

«Балдар менен иш алып баруунун формаларын жана методдорун ишке ашыруу"

**5-БАГЫТ**

«Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмун ишин өнүктүрүү»

**6-БАГЫТ**

«Мектептин информациялык чөйрөсүн өнүктүрүү»

**7-БАГЫТ**

«Мектептин перспектикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн мугалимдердин окууларын уюштуруу»

**8-БАГЫТ**

«Окуучуларга кошумча билим берүү программасынын структурасын жана мазмунун иштеп чыгуу

**9-БАГЫТ**

«Билим берүү процессинде ресурстук жактан камсыз кылууну өнүктүрүү»

Сканировано с CamScanner

## Программаны ишке ашыруудагы тобокелдиктерди төмөндөтүүгө иш-чаралардын системасы

Программаны ишке ашырууда тобокелдиктер жана күтүлбөгөн коркунучтар болушу мүмкүн.

| **Коркунучтардын түрү** | **Коркунучту азайтуунун жолдору** |
|---|---|
| **Укуктук-нормативдик коркунучтар** | |
| Мектептин өнүгүү программасын киргизүүдө кээ бир укуктук-нормативдик документтердин толук эместиги | Укуктук-нормативдик жактан анализди өз убагында жүргүзүп туруу, пед коллектив менен системалуу түрдө иш алып баруу |
| **Финансылык-экономикалык коркунучтар** | |
| Бюджеттик финансылоонун туруксуздугу жана жетишсиздиги; демөөрчүлөрдүн жетишсиздиги | -Программаны ишке ашыруу үчүн өткөрүлүүчү иш-чараларга мектептин бюджетинин өз убагында туура бөлүштүрүлүшү;<br>-Өнөктөштүк иш-чараны кеңейтүү менен кошумча финансылык каржылоону тартуу |
| **Башкаруучулук-уюштуруучулук коркунучтар** | |
| Билим берүү процессинде мектеп мейкиндигине компетентттүү эмес уюмдарды киргизүү | Мектеп жетекчилиги тарабынан мыйзам чегинде так жана жоопкерчилик менен иш алып баруу |
| | |

Сканировано с CamScanner

| Социалдык-психологиялык коркунучтар | |
|---|---|
| -Терендетилген программалар жана билим берүү технологияларын ишке ашырууда кээ бир мугалимдердин кесиптик демилгесинин жана компетенттүүлүгүнүн жетишсиздиги;<br>-Кээ бир мугалимдердин билим берүү процессинде сырткы субьектер жана социумдагы өнөктөштөр менен мамиле түзүүгө даяр эместиги. | -Мектеп ичинде мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча системалык түрдө иш алып барууну жаңылоо<br>-Коммуникативдик компетенттүүлүгү жетишсиз педагогдорду усулдук жана педагогика-психологиялык жактан коштоо |
| **Ресурстук-технологиялык коркунучтар** | |
| -Программа боюнча кээ бир иш-чаралар же багыттар боюнча иш алып барууда ресурстук базанын толук эместиги;<br>-Программаны ишке ашырууга тиешелүү болгон зарыл жабдыктарды алып келүүнүн токтоп калышы. | -Программанын ишке ашуусунда ресурстук базанын жеткиликтүү экендигине системалуу түрдө анализ берүү<br>- |

Сканировано с CamScanner